“БЕКИТЕМИН”
К.Ш.Токтомаматов атындагы ЭАУнун ректору
э.и.д., профессор А.К.Канторoева ________
“__14__” ______________2026-жыл

К.Ш.Токтомаматов атындагы Эл аралык университеттин 2026-2027-окуу жылына абитуриенттерди кабыл алуу боюнча ТАРТИБИ:

**1-бөлүм. Жалпы жоболор**

1.1. Бул Жобого ылайык К.Ш.Токтомаматов атындагы Эл аралык университетине Кыргыз Республикасынын жарандарын жана башка мамлекеттердин жарандарын (мындан ары- чет өлкөлүк жарандар) кабыл алат. К.Ш.Токтомаматов атындагы Эл аралык университет (мындан ары ЭАУ) мамлекеттик билим берүүнүн юридикалык жана (же) жеке жактар менен окуу акысын төлөө келишими (мындан ары- келишим) боюнча жогорку кесиптик билим берүүнүн билим берүү программаларында окутууну жөнгө салат.

1.2. Бул Жобо төмөнкү ченемдик документтердин негизинде иштелип чыкты:

- Кыргыз Республикасынын Конституциясы;
- Кыргыз Республикасынын 2023-жылдын 11-августундагы № 179 “Билим берүү жөнүндө ” Мыйзамы;
- Кыргыз Республикасынын 2023-жылдын 16-августундагы № 170 “Илим жөнүндө ” Мыйзамы;
- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-июнундагы №355 жана 2023-жылдын 28-февралындагы № 106 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайларына кабыл алуунун ТАРТИБИ;
- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-июнундагы № 355 жана жана 2023-жылдын 28-февралындагы № 106 токтому менен бекитилген 1-тиркемеге ылайык «Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайларына кабыл алуунун тартиби» жобосу жана 2026 жылдын 10-апрелиндеги №240 токтому менен бекитилген тиркемеге ылайык «Кыргыз Республикасынын орто профессионалдык окуу жайларына кабыл алуунун тартиби» жобосу ;
- Кыргыз Республикасында кесиптик жогорку билим берүүнүн сапатын камсыз кылуу боюнча чаралар жөнүндө Кыргыз Республикасынын Президентинин 2025-жылдын 10 мартындагы №83 “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик кызмат системасынын натыйжалуулгун жогорулатуу жана бюрократиядан арылтуу боюнча чаралар жөнүндө” жарлыгы;
- К.Ш.Токтомаматов атындагы ЭАУнун уставы жана Кыргыз Республикасынын билим берүү тармагындагы нормативдик-укуктук актылары.

1.3. Бул Тартип "Билим берүү жөнүндө" Мыйзамдын 1, 7, 26, 44, 51-статьяларына жана Кыргыз Республикасынын билим берүү чөйрөсүндөгү башка ченемдик укуктук актыларына ылайык иштелип чыккан жана Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайларына, колледждерине (мындан ары – ЖОЖ, КООЖ) тандоонун жана кабыл алуунун эрежелерин аныктайт:

- юридикалык жана (же) жеке жактар менен окуу акысын төлөө келишими боюнча жогорку кесиптик билим берүүнүн билим берүү программалары боюнча окутуу үчүн ЖОЖдордун уюштуруу-укуктук формаларына (менчигинин жана ведомстволук баш ийүүсүнө) карабастан Кыргыз Республикасынын жарандары жана чет өлкөнүн жарандары абитуриенттер болуп саналат.

1.4. Тартипте төмөнкүдөй терминдер колдонулат:

- Жалпы республикалык тестирлөө (мындан ары - ЖРТ) - жогорку окуу жайларына тапшырууну каалаган адамдар үчүн көз карандысыз тестирлөө кызматы (мындан ары - НТС) тарабынан өткөрүлүүчү тестирлөө;

- жайкы кабыл алуу - абитуриенттерди ЖОЖдорго жайкы мезгилде жүргүзүлүүчү окуу акысын төлөө менен контракт боюнча окуу жайларына кабыл алуу;

- кышкы кабыл алуу - жайкы кабыл алуудан кийин бош калган орундарга абитуриенттерди ЖОЖдорго кышкы мезгилде жүргүзүлүүчү окуу акысын төлөө менен келишимдер боюнча кабыл алуу;

- Кыргыз Республикасынын ЖОЖ, КООЖдоруна кабыл алуу боюнча сынакка катышуу үчүн автоматташтырылган маалыматтык тутум (мындан ары – «Кыргыз Республикасынын ЖОЖ, КООЖдоруна, онлайн кабыл алуу» АИС). «Кыргыз Республикасынын ЖОЖ, КООЖдоруна, онлайн кабыл алуу» АИС – бул онлайн режиминде үстүбүздөгү жылдын ЖРТнын жыйынтыгы боюнча (кышкы кабыл алуу үчүн - өткөн жылдагы ЖРТнын жыйынтыгы боюнча) Кыргыз Республикасынын ЖОЖ, КООЖдоруна, каттоо жана кабыл алуу порталы; чет өлкөлүк жарандар үчүн ички экзамендердин (маектешүүнүн) жыйынтыгы боюнча;

- Электрондук каттоо (талон) – бул “Кыргыз Республикасынын ЖОЖ, КООЖдоруна онлайн кабыл алуу” АИС аркылуу электрондук түрдө берилген арыз.

1.5. ЭАУнун колледждерине (Гуманитардык -экономикалык колледж, Эл аралык Кыргыз-Түрк колледж) 9-класстын бүтүрүүчүлөрү билими тууралуу күбөлүктүн негизинде тапшыра алышат. Каттоо Кыргыз Республикасынын КООЖдоруна каттоо жана кабыл алуу порталы (edu.gov.kg) аркылуу жүргүзүлөт. Министрлик тарабынан тастыкталган талапкерлер 1-курска кабыл алынат. Ал эми Эл аралык медициналык колледжине онлайн кабыл алуу АИС аркылуу үстүбүздөгү жылдын ЖРТнын жыйынтыгы, жана предметтик “химия”, “биология” тесттеринин негизинде кабыл алынат..

1.6.Жогорку окуу жайларынын биринчи курсуна орто жалпы жана орто кесиптик билими бар адамдар кабыл алынат.

- ЭАУга тездетилген программалар боюнча окууга ар кандай деңгээлдеги жогорку кесиптик билими жөнүндө мамлекеттик диплому бар адамдар, ЖОЖдорго тиешелүү адистиктер боюнча тездетилген программалар боюнча окууга тиешелүү профилдеги орто кесиптик билими жөнүндө мамлекеттик диплому бар адамдар кабыл алынат. Кесиптик орто билим берүүнүн профилинин жогорку кесиптик билим берүүнүн профилине дал келүүсү жана тиешелүү курстарга которуу ЖОЖ тарабынан өз алдынча аныкталат, адистиктер боюнча түзүлгөн комиссиянын чечими менен тиешелүү курсу белгиленет. Ошондой эле жогорку кесиптик билими жөнүндө мамлекеттик диплому, орто кесиптик билими жөнүндө мамлекеттик диплому бар талапкерлердин кирүү (ички) сынактарынын жыйынтыгы, буга чейинки дипломундагы ***“Кыргыз тили жана адабияты (орус тили жана адабияты)», “Математика” жана “Кыргызстандын тарыхы (дүйнөлүк тарых)”*** дисциплиналарынын бааларынын негизинде кабыл алынат, үч сабактын орточо эсеби ***5 шкалалык баалоо системасында “3”төн, 100 баллдык системада “51” баллдан*** жогору болуусу шарт. Дене тарбия адистигине каттоо менен катар университеттин ички сынактары жүргүзүлөт. Ички сынак адистиктерине жараша ***“Кыргыз тили жана адабияты”, “биология”*** дисциплиналарынан тапшырылып, тил жана адабият сабактарынын баасы ***“4” балл менен***, биология сабагынын баалары ***“6” балл менен*** бааланат, жыйынтык баасы ***“51” баллдан*** жогору болгон талапкер гана студент болуу укугуна ээ.

1.7. Магистратурада окууга «бакалавр» же «адис» квалификациясы бар мамлекеттик жогорку кесиптик билими жөнүндө диплому бар адамдар кабыл алынат.

1.8. Абитуриенттерди - Кыргыз Республикасынын жарандарын жана чет өлкөлүк жарандарды ЖОЖдорго алардын уюштуруу-укуктук формаларына (менчиктин формасына жана ведомстволук баш ийүүсүнө) карабастан, жогорку кесиптик билим берүүнүн билим берүү программалары боюнча окутуу үчүн тандоо жана кабыл алуу жылына эки жолу: жайкы жана кышкы мезгилдерде жүргүзүлөт.

ЖОЖдорго окуу акысын төлөө менен контракт боюнча орундарга кышкы кабыл алуу ЖОЖдун кароосу боюнча, жайкы кабыл алуудан кийин бош калган орундар үчүн жүргүзүлөт.

1.9. Жогорку кесиптик билим берүүнүн билим берүү программалары боюнча окутуу үчүн ЖРТнын жыйынтыгы боюнча Кыргыз Республикасынын жарандарын жана ЖОЖдорго чет өлкөлүк жарандарды тандоо жана кабыл алуу алардын уюштуруу-укуктук формаларына карабастан АИС аркылуу жүргүзүлөт.

1.10. Чет өлкөнүн жарандарын ЖОЖдордо окутуу Кыргыз Республикасынын билим берүү чөйрөсүндөгү мыйзамдарына ылайык, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдердин негизинде, ошондой эле билим берүү уюмдарынын ортосундагы жана айрым жарандар менен түзүлгөн келишимдердин негизинде жүзөгө ашырылат. Кыргыз Республикасынын ЖОЖдоруна чет өлкөлүк жарандарды тандоо боюнча дүйнөнүн ар кайсы өлкөлөрүндө ортомчулук кызматтарды көрсөтүүчү ЖОЖдор менен адамдардын ортосундагы келишимдер ЖОЖго кабыл алуу жарыялангага чейин Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органы (мындан ары - ыйгарым укуктуу орган) менен макулдашылууга тийиш.

1.11. ЖОЖдор уюштуруу-укуктук формаларына (менчиктин түрлөрүнө жана ведомстволук баш ийгендигине) карабастан, даярдоо багыттарынын жана адистиктеринин тизмеси жана алардын кабыл алуу планы боюнча ыйгарым укуктуу орган менен макулдашылгандан кийин кабыл алууну жарыялайт.

1.12. Уюштуруу-укуктук формаларына (менчигинин жана ведомстволук баш ийүүсүнө) карабастан, жогорку окуу жайларына күндүзгү, сырттан (кечки) жана сырттан окуу формаларына, анын ичинде дистанттык окутуунун технологияларын колдонууга кабыл алуунун негизги критерийлери абитуриенттин билим деңгээли жана жөндөмдүүлүгү болуп саналат.

**2-глава. Жогорку окуу жайына кабыл алууну уюштуруу**

13.Үстүбүздөгү жылдын ЖРТнын жыйынтыгы боюнча (кышкы кабыл алуу үчүн - өткөн жылдагы ЖРТнын жыйынтыгы боюнча) билим берүүнүн бардык формаларына абитуриенттерди тандоо жана кабыл алуу ыйгарым укуктуу орган тарабынан жыл сайын белгиленген мөөнөттөрдө АИС аркылуу жүргүзүлөт. Абитуриенттин милдеттүү аскер кызматын өтөгөнгө чейин алган ЖРТнын жыйынтыгы 3 жыл бою күчүндө болот.

14. Абитуриенттерди окуунун бардык формаларына окуу акысын төлөө менен келишим боюнча кабыл алууну уюштуруу үчүн ЖОЖдун жетекчисинин буйругу менен кабыл алуу комиссиясы түзүлөт, анын төрагасы ЖОЖдун жетекчиси болуп саналат.

15. Кабыл алуу комиссиясынын төрагасы лицензияда белгиленген максималдуу контингенттин, ошондой эле билим берүү чөйрөсүндөгү ченемдик укуктук актылардын талаптарынын сакталышы үчүн жоопкерчилик тартат, кабыл алуу жана апелляциялык комиссиялардын мүчөлөрүнүн милдеттерин аныктайт, алардын иштөө тартибин, кабыл алуу жана апелляциялык комиссиялардын жарандарды кабыл алуу графигин бекитет.

16. Кабыл алуу комиссиясынын курамы, ыйгарым укуктары жана ишинин тартиби ЖОЖдун жетекчиси тарабынан бекитилүүчү ал жөнүндө жобо менен аныкталат. Кабыл алуу комиссиясынын ыйгарым укуктарынын мөөнөтү бир жыл.

17. Кабыл алуу комиссиясынын ишин жана иш кагаздарын жүргүзүүнү, ошондой эле абитуриенттерди жана алардын ата-энелерин (мыйзамдуу өкүлдөрүн) жеке кабыл алуу ЖОЖдун жетекчиси тарабынан дайындалган жооптуу катчы тарабынан уюштурулат. Кабыл алуу комиссияларынын жооптуу катчысына талапкерлер ыйгарым укуктуу орган менен макулдашылат.

18. Кирүү экзамендерин уюштуруу жана өткөрүү үчүн кабыл алуу комиссиясынын төрагасы экзамендик жана апелляциялык комиссиялардын курамын бекитет. Предметтик жана апелляциялык комиссиялардын ыйгарым укуктары жана ишинин тартиби алар жөнүндө ЖОЖдун жетекчиси тарабынан бекитилүүчү жобо менен аныкталат. Бул комиссиялардын курамы жыл сайын 50 пайыздан кем эмес жаңыртылышы керек.

19.Университетте тездетилген программаларга кабыл алуу үчүн аттестациялык тесттерди уюштуруу жана өткөрүү үчүн аттестациялык комиссиялар түзүлөт. Аттестациялык комиссияларды түзүүнүн тартиби, курамы, ыйгарым укуктары жана ишинин тартиби, ошондой эле аттестациялык сыноолорду өткөрүүнүн тартиби ЖОЖдун жетекчиси тарабынан бекитилген тиешелүү жоболор менен аныкталат.

**3. Билим берүүнүн акы төлөнүүчү формасына кабыл алуу үчүн документтерди кабыл алуунун тартиби**

3.1. Документтерди кабыл алуу эрежелеринде төмөнкүдөй терминдер колдонулат:

- Кыргыз Республикасынын ЖОЖ, КООЖдоруна кабыл алуу боюнча сынакка катышуу үчүн автоматташтырылган маалыматтык тутум (мындан ары – «Кыргыз Республикасынын ЖОЖдоруна онлайн кабыл алуу» АИС). «Кыргыз Республикасынын ЖОЖдоруна онлайн кабыл алуу» АИС – онлайн режиминде үстүбүздөгү жылдын ЖРТнын жыйынтыгы боюнча Кыргыз Республикасынын ЖОЖдоруна каттоо жана кабыл алуу порталы.
- Электрондук каттоо (талон) – бул “Кыргыз Республикасынын ЖОЖдоруна онлайн кабыл алуу” АИС аркылуу электрондук түрдө берилген арыз.

3.2. ЖОЖго тапшырууга сунуш кылынган абитуриент 3 күндүн ичинде кабыл алуу комиссиясына төмөнкү документтерди тапшыруу менен университетте окууну каалагандыгын ырасташы керек:

- паспорт же туулгандыгы тууралуу күбөлүк;
- ЖРТ сертификатынын түп нускасы;
- жалпы орто билими жөнүндө аттестаттын түп нускасы, орто жана жогорку кесиптик билими жөнүндө диплом же анын дубликаты;
- аскердик билет же каттоо күбөлүгү;
- 6 даана сүрөт, 3х4 өлчөмүндө.

3.3. Абитуриенттер ЖРТнын жыйынтыгы боюнча «Кыргыз Республикасынын ЖОЖдоруна онлайн кабыл алуу» АИС аркылуу документтерди электрондук түрдө тапшыргандан кийин студент катары кабыл алынышы мүмкүн.

3.4. Абитуриент окуу жылынын башталышында университеттин кабыл алуу комиссиясына документтердин түп нускасын жана тиешелүү сандагы сүрөттөрдү тапшырышы керек. Документтердин түп нускасын тапшыргандан жана техникалык комиссияга документтерди тариздөө үчүн акы төлөнгөндүгү жөнүндө квитанцияны көрсөткөндөн кийин арыз берүүчү документтерди кабыл алуу жөнүндө тил катты алат.

3.5. Окуунун ДОТ формасын колдонуу менен күндүзгү жана сырттан окуу бөлүмдөрүнө ЖРТнын жыйынтыгы боюнча документтерди кабыл алуу жана тариздөө

«Кыргыз Республикасынын ЖОЖдоруна онлайн кабыл алуу» АИС аркылуу ишке ашырылат.

3.6. ЖРТнын жыйынтыгын талап кылбаган адистиктерге жана багыттарга, ДОТ аркылуу күндүзгү жана сырттан окуу бөлүмүнө документтерди кабыл алуу жана тариздөө университет тарабынан өз алдынча иштелип чыккан университеттин атайын электрондук формасын колдонуу менен онлайн каттоо аркылуу ишке ашырылат. Документтердин тизмеси:

- Жалпы орто, орто кесиптик же жогорку билим жөнүндө мамлекеттик документ;
- 3х4 өлчөмүндөгү 6 сүрөт.

Абитуриент талап кылынган документтердин сканерленген версиясын университет тарабынан өз алдынча аныкталуучу маалымат-коммуникациялык мессенжерге (университеттин кабыл алуу комиссиясынын электрондук дарегине, же университеттин кабыл алуу комиссиясынын кызматкерлеринин WhatsApp номерине, же университеттин веб-сайтында көрсөтүлгөн документтерди тапшыруу үчүн университеттин атайын электрондук формасына) жөнөтөт.

3.7. Эгерде арыз берүүчү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген жеңилдиктерди алуу үчүн кайрылса, документтердин негизги пакетине кошумча документтердин сканерленген версиялары (ата-энесинин өлгөндүгү жөнүндө күбөлүк; медициналык-социалдык экспертизанын корутундусу; спорттук наамынын бар экендигин ырастоочу документтер; милдеттүү аскердик кызматты өтөгөндүгү жөнүндө белгиси бар аскердик билет ж.б.) тиркелүүгө тийиш.

3.8. Кыргыз Республикасынын ЖОЖдоруна окууга акы төлөө менен келишим боюнча кабыл алуу үчүн документтерди кабыл алуу ***2026-жылдын 25-августуна*** чейин (абитуриенттерди жайкы кабыл алуу) жана ***2027-жылдын 15-февралына*** чейин (абитуриенттерди кышкы кабыл алуу) жүргүзүлөт.

**4. ЖОЖго, анын түзүмдүк бөлүмдөрүнө окуунун акы төлөнүүчү формасына абитуриенттерди кабыл алуунун тартиби жана жыйынтыгы боюнча даттануу**

4.1. Контракт боюнча окуунун бардык формаларына абитуриенттерди окуу акысын төлөө менен кабыл алуу боюнча сынак ЖРТнын жыйынтыгы боюнча гана өткөрүлөт. Эгерде абитуриенттин ЖРТнын босого баллынан жогору баллдары болсо, кабыл алуу комиссиясы сынакка катышуу үчүн сертификатты алуудан баш тартууга укугу жок. Абитуриенттин милдеттүү аскер кызматын өтөгөнгө чейин алган ЖРТнын жыйынтыгы 3 жыл бою күчүндө болот.

4. 2. Абитуриенттер ЖРТнын жыйынтыгы милдеттүү болбогон келишимдик окуу формасына тапшырганда, ЖОЖго кабыл алуунун негизги критерийлери болуп абитуриенттин билиминин жана жөндөмдүүлүгүнүн деңгээли эсептелет, алар орто билими жөнүндө аттестаттын орточо баллынын (11-класс), же маалыматтык-коммуникациялык технологиялар жана мессенджерлер аркылуу онлайн маектешүүнүн негизинде аныкталат.

4.3. ЖРТнын жыйынтыгы боюнча окуу акысын төлөө менен контракт боюнча окутуунун бардык формаларына сынакты өткөрүүнүн шарттары жана тартиби. Ар бир турда абитуриент ЖОЖдун кабыл алуу комиссиясына кагаз түрүндөгү талонду же «Кыргыз Республикасынын ЖОЖдоруна онлайн кабыл алуу» АИС аркылуу электрондук сертификаттын талонун тапшыруу менен бир ЖОЖду тандап алууга укуктуу; жогорку балл алган абитуриенттер кабыл алуу үчүн сунушталат.

Сынакты өткөрүүнүн күндүзгү, сырттан (кечки) жана сырттан окуу формасына, анын ичинде дистанттык билим берүү технологияларын колдонгондорго кабыл алуунун мөөнөтү университет тарабынан өз алдынча белгиленет. Бул тесттерди тапшыра элек, бирок негизги тестирлөөнүн босого баллына барабар же андан жогору балл алган абитуриенттер дагы предметтик кошумча тестирлөө талап кылынган

адистиктер жана багыттар боюнча окуу акысын төлөө менен контракттык орундарга сынакка киргизилет. Бул адистиктерге тапшырууда предметтик тесттин жыйынтыгы менен абитуриенттер артыкчылыкка ээ болот; Калган орундарга негизги тесттин жыйынтыгы менен абитуриенттер сунушталат.

4.4. Университет кирүү экзамендерин гана өткөрөт:

- чет өлкөлүк жарандар болгон талапкерлер үчүн Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайларына чет өлкөлүк жарандарды кабыл алуу порталы аркылуу кабыл алынат;

- жалпы республикалык тестирлөөнүн жыйынтыгы милдеттүү болуп саналбаган адистиктерге жана окуу багыттарына тапшырган абитуриенттер үчүн.

4.5. Абитуриенттер - чет өлкөлүк жарандар үчүн кирүү сынактары онлайн тестирлөө (форма же компьютер), маалыматтык-коммуникациялык технологиялар жана мессенджерлер аркылуу интервью алуу форматында же адистиги дал келген учурда жогорку, орто билими жөнүндөгү дипломундагы (англис тили, математика, тарых сабактарынан) бааларынын жыйынтыгын эске алуу форматында өткөрүлөт.

4.6. Кирүү экзамендери ЖРТнын жыйынтыгы боюнча абитуриенттерди тандоо турлары менен бир убакта өткөрүлүшү мүмкүн.

4.7. Экинчи жана андан кийинки курстарга, анын ичинде которуу жолу менен кабыл алуу боюнча сынак университет тарабынан өз алдынча өткөрүлүүчү адистештирилген бөлүмдүн башчысынын катышуусу менен онлайн маектешүү түрүндөгү аттестациялык тесттердин негизинде өткөрүлөт.

4.8. Акы төлөнүүчү билим берүү формасына адистиктерге жана окутуу багыттарына конкурс болгон учурда окууга сунушталган абитуриенттер кийинки турга кабыл алуу комиссиясынын отурумуна чейин окуу келишиминин жарымын төлөп бериши керек. Макулдашылган мөөнөттө төлөнбөгөн учурда бул орундар бош деп эсептелет жана сынактын кийинки туруна берилет.

4.9. Абитуриенттердин кирүү экзамендеринин жыйынтыктары боюнча апелляцияга арыздары техникалык комиссиялар тарабынан кирүү экзамендеринин натыйжалары илинген күндүн ичинде кабыл алынат жана кийинки күнү ЖОЖдун апелляциялык комиссиясы тарабынан каралат.

4.10. Биринчи турдагы кирүү экзамендеринин жыйынтыгы боюнча окууга сунушталбаган абитуриент кийинки турлардын кирүү экзамендерине катышууга укуктуу.

4.11. Кабыл алуу комиссиясынын төрагасы бекиткен кирүү экзамендерин өткөрүүнүн графиги кабыл алуу комиссиясынын маалымат тактасында илинет жана мезгил-мезгили менен жаңыланып турат.

4.12. Экинчи жогорку билим алууну каалаган жарандар үчүн билим берүүнүн бардык формалары боюнча аттестациялоо тандалган адистиктин негизги предметтери боюнча буга чейинки дипломундагы “Кыргыз тили жана адабияты(орус тили жана адабияты)”, “Математика” жана “Кыргызстандын тарыхы (дүйнө тарыхы)” дисциплиналарынын бааларынын негизинде кабыл алынат же онлайн маектешүү түрүндө өткөрүлөт.

4.13. Тиешелүү профилдеги кесиптик орто билими бар (орто кесиптик билим берүүнүн профилинин жогорку кесиптик билим берүүнүн профилине дал келүүсүн ЖОЖ өз алдынча аныктайт) билим берүүнүн бардык формаларынын тездетилген окутуу программалары боюнча окууга тапшырган абитуриенттерди кабыл алуу дипломдогу (“Кыргыз тили жана адабияты (орус тили жана адабияты)”, “Математика” жана “Кыргызстандын тарыхы (дүйнө тарыхы)” дисциплиналарынын) бааларынын жыйынтыгы боюнча жүргүзүлөт.

## 5. Окутуунун акы төлөнүүчү формасына кирүүнүн тартиби

5.1. Кыргыз Республикасынын жарандарын акы төлөнүүчү окууга кабыл алуу ***2026-жылдын 25-августунда*** (абитуриенттерди жайкы кабыл алуу) жана кышкы окуу формасына ***2027-жылдын 28-январына*** чейин (абитуриенттерди кышкы кабыл алуу) жалпы республикалык тестирлөөнүн жыйынтыгы боюнча аяктайт жана чет өлкөлүк абитуриенттерди ЖОЖдордун студенттеринин санына кабыл алуу, алардын окуу формасына карабастан, окуунун бардык формасына жана төлөм формасына ылайык жүргүзүлөт жайкы кабыл алуунун жыйынтыгы боюнча ***1-декабрга чейин,*** кышкы кабыл алуунун жыйынтыгы боюнча ***20-мартка чейин.***

5.2. Акы төлөнүүчү окуу формасына кабыл алуу кирүү экзамендерин ийгиликтүү тапшыргандан кийин жана жылдык окуу акысынын кеминде 50% төлөнгөндө жана абитуриент менен ЖОЖдун ортосунда келишим түзүлгөндөн кийин кабыл алуу комиссиясы тарабынан жүргүзүлөт.

5.3. ЖРТнын жыйынтыгы боюнча абитуриенттерди студенттердин катарына кабыл алуу тестирлөөнүн натыйжалары жөнүндө күбөлүктүн түп нускасын көрсөтүү жана ЖРТнын баллдарын ырастоо боюнча жүргүзүлөт. Кабыл алуу комиссиясына керектүү документтерди тапшыруу менен ЖОЖго окууну каалагандыгын ырастаган абитуриенттердин ЖРТнын жыйынтыгы буйрук чыгаруу үчүн окууга кирүү алдында ырасталууга тийиш.

5.4. Кесиптик жогорку билими бар абитуриенттер үчүн DOT контракттык окуу формасы боюнча сырттан окууга кабыл алуу тиешелүү курс (семестр) үчүн академиялык айырмага жараша жүргүзүлөт.

5.5. Кабыл алуу комиссиясынын окууга кабыл алуу боюнча иш графиги кабыл алуу комиссиясынын билдирүү тактасына илинип турат жана мезгил -мезгили менен жаңыртылып турат.

5.6. Конкурсу жок, эгерде балл жетишерлүү баага туура келсе, окуу акысын төлөө менен контракт боюнча орундарга төмөндөгүлөр кабыл алынат:

- толук жетим балдар жана ата-энесинин камкордугусуз калган балдар (өтүп жаткан жылдын 1-октябрына карата 18 жашка чейинкилерди кошкондо);
- медициналык-социалдык экспертизанын корутундусу боюнча тандап алган багыты жана адистиги боюнча ЖОЖдо окууга каршы көрсөтмөсү болбогон ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдар;
- олимпиаданын предмети негизги предмет болуп саналган ЖОЖдо тандалып алынган багыттар жана адистиктер боюнча эл аралык жана республикалык олимпиадалардын жеңүүчүлөрү (өтүп жаткан жылы 1-3-орундарды ээлегендер).

5.7. «Кыргыз Республикасынын спорт чебери», «Кыргыз Республикасынын эл аралык класстагы спорт чебери» спорттук наамдарына ээ болгон спортчулар, аскердик кызматын өтөп келген адамдар, мамлекеттик тилди билүү деңгээли боюнча «Кыргызтест» тутумун эске алуу менен мамлекеттик тилде ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын мамлекеттик күбөлүктөрү бар адамдар ЖОЖго тапшырууда артыкчылык укуктардан пайдаланат.

5.8. Жогорку окуу жайына чейинки даярдоо бөлүмдөрүнүн студенттери жогорку окуу жайына жалпы негизде кабыл алынат.

## 6. Кабыл алуу комиссиясы

6.1. Кабыл алуу комиссиясы документтерди кабыл алат, кирүү экзамендерин өткөрөт жана ар кандай окуу программалары боюнча негизги жана экинчи жогорку кесиптик билим алуу үчүн университеттин бардык түзүмдүк окуу бөлүмдөрүнө окуунун биринчи курсуна студенттерди кабыл алат.

6.2. Университеттин бардык түзүмдүк окуу бөлүмдөрүнө кирүү үчүн документтерди кабыл алуу жана документтерди даярдоо университеттин түзүмдүк окуу бөлүмдөрүнүн техникалык комиссиялары тарабынан ишке ашырылат.

6.3. Университеттин бардык түзүмдүк окуу бөлүмдөрүндө акы төлөнүүчү окууга кирүү экзамендери техникалык комиссиялардын катышуусу менен университеттин кабыл алуу комиссиясынын жооптуу катчысы тарабынан өткөрүлөт.

6.4. Кабыл алуу комиссиясы кабыл алуу жөнүндө акыркы маалыматтарды Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигине төмөнкү мөөнөттө берет:

- окуу акысынын негизинде окуу үчүн - ***2026-жылдын 28-августуна*** чейин (абитуриенттерди жайкы кабыл алуу) жана ***2027-жылдын 28-февралына*** чейин (абитуриенттерди кышкы кабыл алуу).